## Биология.PISAга багытталган тест.5 класс

**Тапшырма 1/3.**

***Оң тарапта жазылган текстти окуп чыккыла.***
Аминага кайсы нерселер табигыйга, кайсылары жасалмага кирээрин аныктоого жардам бергиле. ***Таблицадагы бардык сунушталган предметтердин тушуна ылайыктап чымчыкча (√) белгисин коюп толтургула.***

| **Предметтер** | **Табигый нерселер (телолор)** | **Жасалма нерселер (телолор)** |
|---|---|---|
| **кол чатыр** | | |
| **шоколад** | | |
| **агат ташы** | | |
| **курт-кумурскасы бар янтарь** | | |
| **хлорофитум бөлмө өсүмдүгү** | | |
| **китеп** | | |
| **кумурсканын фермасы** | | |

**Туулган күнгө белек**

10-октябрда Аминанын классташы Талантбектин туулган күнү. Талантбек аны бул майрамга чакырды. Аминаны классташтары абдан баалашчу, анткени ал белек тандоодо дайыма чыгармачылык менен мамиле кылат. Амина блокнотун алып, тандоо үчүн мүмкүн болушунча кызыктуу вариантагы белектерди жаза баштады. Анын тандоолору өтө көп түрдүү болду: кол чатыр, китеп, бөлмө өсүмдүгү, шоколад, ичинде курт-кумурскалары бар янтарь, агат ташы, кумурскалардын фермасы.



Кол чатыр



Агат ташы




Шоколад



Курт-кумурскасы бар янтарь



Бөлмө өсүмдүгү хлорофитум





Китеп
Кумурскалардын фермасы

**Туулган күнгө белек**

**Тапшырма 2/3.**

***Оң тараптагы сүрөттү карагыла.*** Янтарь-бул негизинен ийне жалбырактуу, байыркы дарактардын ташка айланган чайыры. Курт-кумурскалар кантип янтардын ичинде катып калган? ***Түшүндүрүп бергиле*:**

______________________________________________

______________________________________________

______________________________________________



**Тапшырма 3/3.**

***Оң тараптагы текстти окуп чыккыла.***
Аминада кумурскалар кыям менен лазанын тамчысын жыты боюнча айырмалайт деген гипотеза пайда болду. Эгерде кыям менен лазанын тамчылары белгилүү бир аралыкта болсо кумурскалар айырмалай алабы? Ал муну билип көрүүнү чечти. Жыты боюнчабы же сырткы көрүнүшү боюнчабы?
Амина 5 кумурскадан турган эки топту алды дагы аларды кыям менен лазанын тамчысын көздөй бирдей аралыкта коё берди. Кумурскалардын кандай жүрүм-туруму гипотезаны тастыктады?
***Өз жоопторуңарды түшүндүрүп бергиле:***

______________________________________________

**Туулган күнгө белек**

Амина Талантбектин туулган күнүнө кумурскалардын фермасын белек кылууну чечти.
Амина өз үйүнүн ашканасында отуруп дубалдан кумурсканы көрүп калды. Ал оозуна бир нерсени алып бара жатыптыр. Балким, ал столдун үстүндөгү кулпунайдын кыямынын тамчысын таап алгандыр. Амина бир аз мурун эле иниси чай ичип кеткендигин эстеди. Розетканын жанында кыям жана лаза (майдаланган жана куурулган кызыл перец) салынган чыны турган. Кызык, деди Амина, столдун үстүндө лазанын дагы, кыямдын дагы тамчысы бар эле, кумурска ага эмне керек экендигин кантип айырмалайт?